тарбиячысы кесиптик ишинде педагогикалык чеберчиликти калыптандырууга тийиш, анткени балдарды тарбиялаган инсан чыгармачыл жана чебер педагог болууга тийиш. Ааламдашуу учурунда тарбиячы мамлекеттик стандарттын талабына ылайык тарбиялоо иштерин жүргүзүүгө тийиш. Анткени 21- кылымдын балдары- жаңы муун деп аталышат. Жаңы муундарды учурдун илимий жетишкендиктеринин негизинде жана жаңы технологиялардын коштоосунда окутуу менен тарбия жүргүзүлушу керек.

**Адабияттар:**

1.Асанбаева Б.И. «Мектепке чейинки билим берүү уюмдарынын педагогдорунун усулдук колдонмосу» Бишкек 2016-ж.
2.Акматов К, Бабаев Д Педагогика. Бишкек 2020ж. 68-б
3.Бережнова О.В., Тимофеева Л.Л. Оценка профессиональной деятельности педагога детского сада. Методическое пособие. – М.: Издательский дом «Цветной мир», 2014, - 132
4.Ежкова Н.С. Дошкольная педагогика. Москва. Юрайт. 2020г
5. Исаева А.А. “Мектепке чейинки билим берүү мекемелеринин тарбиячылары үчүн усулдук колдонмо” Бишкек 2014-ж
6. Кыргыз Республикасынын «Мектепке чейинки билим берүү берүү жөнүндө» мыйзам 2003ж.
7.Якушева С.Д. Основы педагогического мастерства и профессионального саморазвития. Неолит. 2016г. стр-8.

---

**УДК:371 https://doi.org/10.56122/..v2i2.235**

# МЕКТЕП ОКУУЧУЛАРЫНЫН ИНТЕЛЕКТИН КӨРКӨМ ЧЫГАРМАЛАР АРКЫЛУУ ӨНҮКТҮРҮҮ

# РАЗВИТИЕ ИНТЕЛЛЕКТА ШКОЛЬНИКОВ ЧЕРЕЗ ПРОИЗВЕДЕНИЯ ИСКУССТВА

# DEVELOPING THE INTELLIGENCE OF SCHOOLCHILDREN THROUGH WORKS OF ART

Какиева Гулзада Алимбековна, ОшМПУ, окутуучу
Кыргыз Республикасы, Ош ш.
gulzadakakieva@gmail.com
Какиева Гулзада Алимбековна, преподаватель ОшГПУ,
Кыргызская Республика, г. Ош.
Kakieva Gulzada Alimbekovna, teacher. OshSPU
Kyrgyz Republic, Osh.

**Аннотация.** Бул макалада башталгыч класстын окуучуларын акылмандуулукка тарбиялоодо жана интеллектуалдык жактан өнүктүрүү жөнүндө берилди. Балдарды ар тараптан өнүктүрүүдө адабий китептерге жана анын ичиндеги ырлар, жомоктор, аңгемелерге көнүл бөлүү жагы каралды. Балдарды бир гана мектепке 1-класска келген мезгилден эмес, мектепке чейинки мезгилден баштоо керек экендиги тууралуу баяндалат. Ошондой эле телефондордон алыстатуу максатында китепке, оюнга, эмгекке кызыктыруу жолдору камтылган. Мектепте жана мектепке чейинки билим берүүдө тарбиячылар жана мугалимдер чогулуштарда ата-энелердин педагогикалык маданиятын жогорулатуу максатында, кызыктуу материалдары ата-энелерге жеткирүү менен балдарды жаңы технологиянын багыттары болгон интернет булактарынын зыяндуу жактарын түшүндүрүү зарыл. Макалада эң маанилүү ойлордун бири катары мектеп окуучуларын акыл- эс жактан тарбиялоо, аны уюштуруу жактары да каралды. Балдардын интеллектин өнүктүрүүнүн, ой-чабыттарын жана дүйнөгө болгон илимий көз карашын калыптандыруунун каражаттары болуп – окутуу менен эмгек

процесстеринин ролуна басым жасалды. Ошондуктан ата-энелерге жана мугалимдерге башталгыч класстын окуучуларына поэзия, проза чыгармаларын колдонуу, китеп менен иштөө зарылдыгы боюнча кеңештер берилди.

**Ачкыч сөздөр:** акыл-эс, интеллект, ишмердүүлүк, тарбиялоо, окутуу, бала.

**Аннотация:** Абстрактный. Эта статья посвящена образованию и интеллектуальному развитию учащихся начальных классов. При всестороннем развитии детей учитывался аспект привыкания к литературным книгам и содержащимся в них песням, сказкам, рассказам. Говорят, что детей нужно начинать посещать дошкольные учреждения не только тогда, когда они идут в первый класс. Также включены способы заинтересоваться книгами, играми и работой, чтобы уйти от телефонов. В целях повышения педагогической культуры родителей в школьном и дошкольном образовании воспитатели и педагоги должны разъяснять детям вредные стороны Интернет-источников, которые являются направлениями новых технологий, путем предоставления родителям интересных материалов. В качестве одного из важнейших моментов в статье было рассмотрено психическое воспитание школьников и аспекты его организации. Акцент был сделан на роли учебно-трудового процесса как средства развития интеллекта детей, формирования их идей и научного взгляда на мир. Поэтому родителям и учителям были даны советы о необходимости использования стихов, прозы, работы с книгами для учащихся младших классов.

**Ключевые слова:** ум, интеллект, деятельность, воспитание, обучение, ребенок.

**Abstract.** Abstract. This article discusses the education of primary school students in wisdom and their intellectual development. The aspect of paying attention to literary books and poems, fairy tales, and stories in them in the comprehensive development of children is considered. It is described that it is necessary to start educating children not only from the time they enter the 1st grade of school, but also from preschool. It also includes ways to interest them in books, games, and work in order to distance them from phones. In school and preschool education, educators and teachers should explain to parents at meetings about the harmful aspects of Internet sources, which are the directions of new technologies, by delivering interesting materials to parents. The article also considers the aspects of intellectual education of school students and its organization as one of the most important ideas. Emphasis is placed on the role of teaching and labor processes as a means of developing children's intelligence, forming their thinking and scientific outlook on the world. Therefore, parents and teachers were given advice on the need to use poetry, prose works, and work with books for primary school students.

**Keywords:** mind, intellect, activity, upbringing, education, child.

Учурдагы эң актуалдуу маселелердин бири болуп балдардын акыл-эс тарбиясы болгон интеллектуалдык өнүгүүсүн, ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгүн арттыруу болуп эсептелет. Мектепке чейинки курактагы балдарды жана башталгыч класстын балдарын ушул мезгилдерде интеллект өзгөчө интенсивдүү өнүгөт. Мугалимдердин байкоолоруна караганда жана психологдордун изилдөөлөрүндө мектептеги башталгыч класстарда акыл эс ишмердүүлүгүн ыкмаларын өздөштүрбөгөн бала, адатта орто класстарда ийгиликсиз болуп калаары айтылып келүүдө. Бул маселени чечүүнүн маанилүү багыттарынын бирин катары башталгыч мектепте балдардын туруктуу когнитивдик кызыкчылыктарын, акыл-эс ишмердүүлүгүн жөндөмдүүлүктөрүн жана көндүмдөрүн, чыгармачылык демилгелүүлүгүн жана өз алдынчалыгын калыптандыруу менен байланышкан интеллектуалдык өнүгүүсүн камсыз кылуучу көйгөйлөрдү чечүү жолун издөө жана шарттарды түзүү деп ойлойм. Интеллект төмөнкүлөр менен мүнөздөлөт:

- Эрудиция
- Психикалык жөндөмдүүлүк
- Логикалык ой жүгүртүү жөндөмдүүлүгү
- Курчап турган дүйнөдөгү себеп натыйжа байланышын түзө билүү
- Көңүл буруу, эс тутум, байкоо, интеллект ж.б.

- Интеллект психикалык өнүгүү менен ажырагыс байланышта жана бул жагынан жалпы психикалык жөндөмдүүлүктүн милдетин аткарат
- Жөндөмдүүлүк – белгилүү бир ишти ийгиликтүү өздөштүрүү даярдыгы менен байланышкан жеке сапат.

Акыл-эс, интеллект жөнүндө Б.Г.Ананьев, Л.С.Выготский, Н.А.Менчинская, С.Л.Рубннштейн, А.Н.Леонтьев, Д.Б.Элькониндердин жана башкалардын эмгектеринде изилденген. Окутуу интеллектин калыптанып калган структураларына эмес, али калыптанып келе жаткандарына көңүл бурууну сунуштайт. Окутуунун мазмунун баланын ой жүгүртүүсүнө болгон өзгөчөлүктөрүнө “ыңгайлаштырууну” эмес, тескерисинче жаңыны талап кыла турган мазмунду киргизүүнү, баладагы ой жугүртүүнүн жогорку формаларын талап кылат. “Окутуу өнүгүүгө алып барат”- деп айткан Л.С.Выготский. [10] Интеллектуалдык жөндөмдүүлүк азыркы күндө педагогикалык практикада өзгөчө мааниге ээ жана актуалдуу болуп саналат. Анткени психологдор адамдын психикасын, интеллектинин негизин жана бүткүл руханий чөйрөсүнүн касиеттери негизинен мектепке чейинки куракта пайда болуп, калыптанарын айтышкан. Башталгыч мектеп окуучуларында өнүгүү натыйжалары көбүнчө кийинчерээк ачыларын изилдешкен. Бала мектепке киргенде окуунун таасири астында бардык когнитивдик процесстердин кайра түзүлүшү жана активдүү өнүгүүсү башталат деген.

Азыркы мезгилде балдарды интернет булактарынан, телефондон алыстатууга ар бир ата-энелерде көйгөйлүү маселелер жаралууда. Ооба заманбап технологиясы телефондорду, интернетти талап кылууда. Бирок ошол эле учурда балдардын төрөлгөндөн эле баштап, телефондордо жана сын алгыны көп көрүп отуруусунда балдардын сөз байлыктары өспөй жана көз ооруларына чалдыгуусун ата-энелер байкашууда. Ошол себептен балдарды жаштайынан түстүү сүрөттүү жана кызыктуу жомок китептериндеги балдар ырлары, аңгемелер, табышмактар алардын дүйнөнү таанып-билүүсүнө жана акыл интеллектин жогорулатууга, өстүрүүгө өзгөчө кызмат кылат. Балалык учурунда алардын билим, илим алуусуна, туура тарбиялоого адабият аркылуу эстетикалык табитин өстүрүүгө таасирин тийгизет.

Ар бир бала интеллектуалдык жактан сабаттуу болуп төрөлбөйт. Бул сабаттуулукту өнүктүрүү үчүн бир канча убакыт тажрыйба керек. Ошондуктан окуучуларды ар тараптуу инсандык сапаттарга тарбиялоодо, жаштайынан үйрөтүү пайдалуу. Мисалга алсак балдарды мектепке чейинки мезгилде китептерден ырларды, жомокторду, аңгемелерди окуп берүү жана түшүнгөнүн суроо, андан ары окуя кандай болоорун суроодо ой жүгүртө башташат. Алар китеп окуганды жактырып, кызыга башташат жана мектепте ийгиликтерге жетишип, үй бүлөдө ата-энелер китеп окуп бербеген балдарга караганда билими алда канча алдыда болот. Өтүлгөн материалды эске сактоого дилгир болуу менен түшүнүгүн да айта алат.
Акылмандуулукка тарбиялоодо улуу педагогдор, ойчулдар өз пикирлерин айтып келишкен. Балдарды интеллектуалдык жактан өнүктүрүүдө жаш өзгөчөлүгүнө жеке мүмкүнчүлүгүнө жана кызыкчылыктарына таянуу менен ар тараптуу жана гармониялуу өнүктүрүүдөн баштап жеке сапаттарды же алардын элементтерин калыптандыруунун конкреттүү милдеттерине чейин өзүнө камтыйт.

Алсак Сухомлинский В.А. “Таанып билгенди далилдөө жана далилдегенди таанып билүү –так ушул эмгек менен ой толгоонун биримдигинде акыл тарбиясы менен көз караштын биримдиги турат”- деп жазат. [4, 217]

Табияттын жана адам коомунун мыйзам ченемдүүлүктөрүн чагылдырган окуу предметтеринин мазмунунда илимий көз карашты калыптандыруунун жана акыл тарбиясынын көп мүмкүнчүлүктөрү жатат. Билимди калыптандыруу үчүн мугалим балдардын жан дүйнөсүнө терең ойлонуу менен сүңгүп кирип, алардын ой чабыттарына, сырткы дүйнөнү таанып билүүсүнө, эмгектеги ишмердүүлүгүнө кылдат педагогикалык жетекчилик кылуусу зарыл. Бала тынымсыз окуп изденүү менен ааламга көз чаптыра алса,

андагы кызыктуу дүйнөнү таанып билсе, суроолорго жооп ала билсе, көп кырдуу интеллектуалдык жактан өнүп өсөт.

Окуучу билимге болгон чаңкоо-деп жазат В.А. Сухомлиинский, - жакшы уюштурулган окутуунун натыйжасы гана эмес. Илимий көз карашты калыптандыруу жараянынын накта маңыз мааниси. [5, 220] Бала жаш кезинен билимге ынтызар болуу менен көп маалыматты алса, баланын келечекте окууга, билимге болгон кызыгуусу артат. Башталгыч класстын мугалимдери ар бир окуучунун мектептеги биринчи кадамынан баштап, сырткы дүйнөнүн кызыктуу сырларын жана мыйзам ченемдүүлүктөрүн кандай уюштура алса окуучунун билимге болгон көз карашы жогорку деңгээлде болот. Бала билим алууда сырткы дүйөнү таанып билет жана теңдеши жок кубаныч сезимдерде болуп, көптү билүүгө болгон каалоосу, билимге болгон чаңкоосу жаралат. Бала эмгек тажрыйбасында ал канчалык көптү таанып билсе, билимге болгон кызыгуусу, зиректиги артып акырындык менен дүйнөгө болгон көз карашы, түшүнүүсү терендейт. Бала дүйнөнүн татаал жараянын байкап, иликтеп үйрөнүп, таанып билүү менен гана чектелбестен тартынбай киришип, жашоо кубулуштары күч алуусу үчүн ыңгайлуу шарт жаратып, билим алуу үчүн аны өзгөртө алат.

Башталгыч класстарда окуучулар өсүмдүктөр жана топурак, жашоо жараяны, минералдык жана органикалык семирткичтер жашоо жараяндары үчүн шарт жаратуучу эмгектин ролу жөнүндөгү биринчи маалыматтарды тандап түшүнө башташат. Бирок бул түшүнүк балдардын акыл жагынан жетилүүсүнүн бир эле жагы. Бала колу иштегенде ой жүгүртө, ой жүгүрткөндө колун иштете билүүсү ылазым –деп айткан Б.Апыш. [1, 324 ]
Демек, балада билим ишенимге айланып, өз эмгеги далилденип, илимий түшүнүктөрү, терең сезимдери ойгонот. Себеби жалпы билим, сабаттуулук, маданият болмоюнча ар тараптан даярдык алган жана ар тараптан өнүккөн баланы жаратуу мүмкүн эмес.

Аз ойлогон, аз таасирлеген адам эмгекти сүйгөн адам боло албайт. Адам канчалык акылдуу, эмоциясы бай жана эрки күчттүү болгон сайын анын эмгектик иш-аракеттердин ар кандай түрлөрүнө шыктуулугу ошончолук айкын көрүнөт. Эмгек жөнүндөгү сөздөр менен гана эмгекти сүйүүгө тарбиялоого болбой тургандай эле, аны олуттуу, акылдуу сөздөрсүз тарбиялоого болбойт [6, 127]

Балдарды билим алуудан, окуудан тышкаркы башка ишке тартууда баары бир окуу башкы орунду ээлейт. Окуучуларга дүйнөнү таанып билүү, чындыкты баамдап түшүнүү, билим алуу анын негизинде көз караштарын калыптандыруу –мектеп окуучусу үчүн мына ушулар эмгек болуп эсептелет. Билим алуу менен эмгек дайыма бири-бири менен тыгыз байланышта эриш –аркак жүрөт. Ошондуктан мугалим окуучулардын акыл эсинин чебер тарбиячысы болуусу керек.

Бул окууну окуп үйрөнүү үчүн материалды эске сактап калуу үчүн зарыл *интеллектуалдык* фондду түзүү деп атоого болот. Окуучу материалга кызыккандыктан гана билүүнү, ойлонууну, маани берип түшүнүүнү каалагандыктан гана көбүрөөк окуса, сөзсүз окуп үйрөнүүгө жана эсинде сактап калууга тийиш материалдарды көңүлүндө кармап калуу ошончолук жеңил болот. [7, 35] Окуучуларды билимге болгон умтулуусун арттырууда, кызыктырууда мугалимдин жана ата-энелердин жардамы кызыктар болушу өтө маанилүү.
Өзгөчө **акыл** тарбиясына, акылмандуулукка тарбиялоо өтө маанилүү. Эгерде окуучулар билим-тарбия аркылуу акылмандуулукка жетишсе, анда акылы менен жакшы сапаттарга ээ болуп, өз жашоосунда, турмушта, эмгектенүүдө ийгиликке жетишет. Балдарды акылмандуулукка тарбиялоо менен аң-сезимдерин, өз алдынчалыгын, демилгесин иш аракетин колдоп, баалап, анын аткарган иши маанилүү экендигин баалап тарбиялоонун мааниси чоң. Сен өз оюнду айтчы? Бул ишти кантип бүтүрүү керек? Сенин оюңду, сунушунду мен да туура деп ойлойм –деп баланын оюн коштоп турса, балада өз алдынчалык, демилгелүүлүк акылмандуулук пайда болот. Мугалим жана ата-энелер тарабынан менин айтканым гана болот десең, баланын ойлонуп иш аткарууга болгон сезими жоголот.

**Акыл-эс тарбиясы бул** билим интеллект, акыл, ой, менен аткарыла турган жумуш. Ал жумушка мээ, жүрөк, көз, кулак, (сезүү органдары), нерв системасы ж.б. катышат. Акыл

эмгеги – мектепте 1-класстын окуучуларынан башталат. Акыл эмгеги бул - түшүнүү, эстеп калуу, көңүл буруу, ойлоо, салыштыруу, өз оюн айта билүү, жыйынтык чыгаруу, түшүнүгүн сүрөт аркылуу берүү, дептерге жазуу. Акыл-эс, интеллекти өстүрүү, тарбиялоо өтө маанилүү. Себеби окуучунун окуу, иштөө, жашоо, эмгектенүүсү ж.б. ишмердүүлүгү акыл менен жүргүзүлөт. Акыл - бул адамдын табияттан, турмуштан, китептен, сабактан ж.б. маалымат булактарынан өздөштүргөн билим, билгичтик, жөндөмдөрдү пайдалана билүү, турмушта, жашоодо колдонуу. Акыл-эс тарбиясы үй-бүлөдө, бакчада, мектепте башталып, ЖОЖдо улантылып барат.

Бирок эң маанилүүсү эс тарткандан кийин, сезип, кабылдап, окуп, көргөндөрүн ойлоо, түшүнүү, корутунду чыгаруу, анализ-синтез кылып, оюн жыйынтыктап сүйлөө, кагазга түшүрүү, башкаларга түшүндүрүү жана туура чечим кабыл алып, ишмердүүлүктү уюштуруусу зарыл.

Эмне үчүн? кантип? качан? - деген суроолорго ойлонуу менен жооп издөө. Кызыгуу - дүйнөнү таанып билүүдө маанилүү шарт жана акыл-эс, интеллектуалдык өнүгүү үчүн эң зарыл. Кайталоо мээде калыптанып жаткан байланыштар үчүн маанилүү, мээде туура схема, байланыштарды калыптандыруу үчүн керек жана кийинки интеллектуалдык жөндөмдүүлүктөрдү аныктайт. Ошондой эле мээни эс алдыруу үчүн музыка - жан дүйнөнү жибитип, мүнөз, пейилинди жакшыртат жана маанайыңдын жакшы болуусуна өбөлгө түзөт. Ал эми адабияттагы ырларды, жомокторду, аңгемелерди окуп, жаттоодо, көркөм чыгармаларды окуп кайра айтып берүүдө окуучулардын көз караштары кеңейип, руханий байлыгы өсүп, интеллектуалдык жактан тарбияланууда адабияттан алган орду чоң.

Ырларды, жомокторду, аңгемелерди окуп билүүдө окуучулар төмөндөгү көндүмдөргө ээ болушат:

1. Чыгармаларды окуп, мазмунун түшүнүшөт.
2. Жаңы сөздөрдү үйрөнүшөт.
3. Чыгармадагы өзгөчөлүктөрү билип, каармандарды салыштыра алышат.
4. Ырларды көркөм айтууга.
5. Китепке, окууга болгон кызыгуулары артат.
6. Сөздүк запастары өнүгөт.
7. Суроо берүүгө жана суроолорго жооп издөөгө үйрөнөт.
8. Түшүнгөндөрүн сүрөт аркылуу чагылдырып, сүйлөп берет.
9. Өз оюн жыйынтыктап кыскача дептерге жаза алышат.
10. Көйгөйлөрдү чечүү жолун издей алышат.
11. Балдардын интеллектуалдык сапаттары жакшырат.

Даңазалап башка элге
Даңкын келет чыгаргым
Азыртан жакшы окусам
Элчи болуп чыгармын авт: Ысмайыл Кадыров . [2, 4]

Бул “Тилегим” ыр саптарында жакшы окуп, билим алуу менен кыргыз элинин тарыхын, маданиятын билип, дүйнө элине өз элин таанытуу, даңазалоо болуп эсептелет. Башка элге кыргыз элин таанытуу үчүн ал элдин да тилин, дилин үйрөнүү зарыл экендиги келип чыгат. Баары келип эле билим алууга, акыл эмгегин иштетүүгө келип такалат.

Жакшы китеп окусаң,
Көп нерсени билесиң.
Каарман менен бир кейип,
Күлсө, кошо күлөсүң. Б.Асаналиев [3, 3]

“Жакшы китеп” ыр сабында балада билим алуу менен ааламды таанууга жана чыгармадагы каармандар кайгырса кошо кайгырып, кубанса кошо кубанып, терс сапаттардан алыс болуу жөнүндө ойлор келе баштайт. Жардамга муктаж болгондорго колуңдан келген жардамдарды берүүгө аракеттенет. Ошол окуяларды көз ирмемден өткөрүп, өзү да ошол каармандардай жакшы сапаттарга ээ болгусу келет.

Өрнөктүү иш баштаган,
Акылмандыктын белгиси,
Камчыласа баспаган,
Кашаңдыктын белгиси. [8, 75]

Бул ырда адам баласынын турмушундагы оң жана терс сапаттарына акыл насаат айтууга, акылдууну, билимдүүнү чечендик өңдүү жакшы касиеттерди даңазалаган. Тескерисинче мактанчаактык жана көйрөңдүк жакшылык алып келбестигин баса белгилеген.

Ошондой эле кыргыз элинин макалдары да балдарды билим алууга үндөйт. Алсак "Билим-түгөнбөс байлык". Билимиң болсо кайсы жерде болбосун өз наныңды таап, турмушта өз жашооңду улантып кете аласын деген маанини ачып бере алган.

Акыл ойго жеткирет,
Өнөр көккө жеткирет.

Акыл менен ойлонууга, билим алууга, бүт дүйнөнү багындырууга, ачылбаган ачылыштарды ачууга, изилдөөгө керек болсо космоско чыгып, айды изилдөөгө болору айтылууда.

Акылы бар билимди самайт,
Акылы жок кийимди самайт.

Адам баласынын жаныбарлардан айырмасы акылдуулугунда. Ошондуктан акылдуу билимди, келечектеги алдыга койгон максаттарга жетүү үчүн , жашоо үчүн, кыйынчылыктарды жеңип жакшы жашоого, билим алуусун самайт. Акылсыз болсо убактылуу, утурумдук, келечеги жок нерсени самайт.

**Жыйынтыктоо.** Мектепке чейинки балдарды жана окуучуларды канчалык жаштайынан китепке болгон кызыгуусун арттыруу зарыл деп эсептейм. Анткени азыркы учурда телефон, планшет, смартфондор балдардын жетилип келе жаткан мээни андан да тездетет. Акыл менен зиректикти өнүктүрөт. Бирок булардын терс жактарын эске албай коюуга болбойт. Баладагы өнүгүүнүн когнитивдик тоскоолдугуна алып келүүдө. Телефонго кызыгып бир жерден жылбай аз кыймылда болушат. Балдардын ден соолугундагы өнүгүү жайлайт. Алардын уйкусу канбай жана күндөлүк режимдер бузулат. Андагы радиациялык нурлар көз оорусуна жана кыймылсыз бир жерге отуруу менен ашыкча салмак кошуусуна алып келет. Ошол себептен окуучулардын акылдуу болушу үчүн эмгек тарбиясына, катуу тартипке, көңүл буруусун, кыймылдуу оюндарды көп ойноосун, адабий чыгармаларга кызыктырууну сунуштайбыз. Кандай гана оюн, китеп окуу, жумуш болбосун, күлүп жайнап ачык маанайда таза, тыкандык менен чын дилден көңүл коюп аткарууга, ал аткарылган иштин жыйынтыгын көрүү менен ырахаттанууга, суктанууга алып келүүсү зарыл. Өз ишин бала акылдуулук менен аткарса чарчабайт жана зээрикпейт. Кандай гана иш аткарууда иш оордуңду тазалоого, ирээти менен коюуга, китептерди аз –аздан окутуу менен убакытты көбөйтүүгө жаштайынан үйрөтүү зарыл. Ошондо гана балада адаптация пайда болуп китеп окууга, билим алууга жол ачылат деп ойлойм.

**Адабияттар:**

1. Апыш.Б., Д.Бабаев. Т.Жоробеков. Педагогика. Б.: 2002. 324-бет.
2. Абдухамидова Б.А. Рысбаев С.К. Адабий окуу 2-кл Б:2013 4-б.
3. Абдухамидова Б.А. Рысбаев С.К. Адабий окуу 3-кл Б:2014 3-б.
4. Сухомлинский В.А. т 2. Избранное педагогическое сочинения М., "Педагогика" 1979 г. с.217
5. Сухомлинский В.А. т2. Избранное педагогическое сочинения М., "Педагогика" 1981.стр.220.
6. В.А Сухомлинский В.А. тарбия жөнүндө Ф.:1985-ж.127-бет
7. Сухомлиинский В.А. Мугалиге жүз насаат. Ф.: 1987-ж. 35-бет.
8. Таштемиров Ж. , Байходжоев С., Закиров С. Кыргыз элинин оозеки чыгармачылык тарыхынын очерки Ф:1973-ж.

9. Курамшина Т.Л. статья. Развитие интеллектуальных способностей младших школьников– заказ современного общества https://cyberleninka.ru/article/n/razvitie-intellektualnyh-sposobnostey-mladshih-shkolnikov-zakaz-sovremennogo-obschestva/viewer
10. Низамова О.Н. Развитие интеллектуальных способностей младших школьников.Текст: непосредственный // Образование и воспитание-2020.№3.стр.36-38. https://moluch.ru/th/4/archive/168/5311/

---

УДК:378

**ОРТО МЕКТЕПТЕРДЕГИ ОКУУЧУЛАРГА КЫСКА АҢГЕМЕЛЕР АРКЫЛУУ АНГЛИС ТИЛИН ҮЙРӨТҮҮ ЖОЛДОРУ**
**СПОСОБЫ ОБУЧЕНИЯ АНГЛИЙСКОМУ ЯЗЫКУ С ПОМОЩЬЮ РАССКАЗОВ**
**TEACHING ENGLISH TO STUDENTS TROUGH STORIES**

**Койлубаева Бурулча п.и.к., ОшМУ**
**bukoilubaeva@oshsu.kg**

**Аннотация.** Бул макалада 9 -класстардагы балдарга англис тилин чет тили катары үйрөтүүдө аңгемелерди колдонуу боюнча изилдөөнүн натыйжалары берилген. Изилдөө ОшМУнун филология жана маданият аралык коммуникация институтунда англис тилин окутуунун методикасы кафедрасында бекитилген педагогикалык практика учурунда өткөрүлдү. Аталган маселе илимий изилдөө максатында демилгеленген. Изилдөө процессине, болочок мугалимдер “англис тилин үйрөнөбүз” деген долбоордун алдында, балдардын аңгемелерди өздөрүнүн кызыгуусуна жана жактыруусуна жараша тандоосуна мүмкүнчүлүк түзүп берүү менен, сабактарды пландаштыруу, маалыматтарды чогултуу жана талдоо иштери камтылгын. Натыйжада, болочок мугалимдер (практиканттар) ар кандай класстык көнүгүүлөрдү түрдүүчө жаңы методдор аркылуу; коммуникативдик, долбоорго таянып үйрөнүү (Project based learning), физикалык оюндар (Total Physical Response) (TPR) жана айлана чөйрөнү таануу (Natural Approach) методдорун колдонушту. Изилдөөнүн жыйынтыгында, окуучулар жомокторду, аңгемелерди түшүнүп айтууда мотивациясы жогорулагандыгы жөнүндө баяндалат.

**Негизги сөздөр:** Жомок, уламыш, аңгеме, окуу, окутуу, балдар

**Abstract**. This article presents the results of a study on the use of stories in teaching English as a foreign language to the students of the 9th grade. The study was conducted during the approved pedagogical practice at the Chair of Teaching Methodology of English Languages, Institute of Philology and Intercultural Communication of Osh State University. The purpose of the research was initiated for scientific investigation. The research process included lesson planning, data collection, and analysis, and allowed students to choose stories based on their interests and preferences as part of the "Let's Learn English" project. As a result, future teachers (practitioners) learned various classroom exercises through new methods, including communicative and project-based learning, physical games (Total Physical Response, TPR), and the Natural Approach. The study found that the students' motivation to understand fairy tales and stories increased.

**Key words:** fairy tale, legend, story, reading, teaching, children

**Аннотация.** В данной статье представлены результаты исследования, посвященного использованию рассказов в обучении английскому языку как иностранному у учащихся 9-х классов. Исследование проводилось в рамках утвержденной педагогической практики на кафедре методики преподавания английского языка Института филологии и межкультурной коммуникации Ошского государственного университета. Цель исследования была поставлена в рамках научной работы.